КАРАЛДЫ
педагогикалык кенештин
№__10__ протоколунда
«___21__»_август___2019-ж

БЕКИТЕМ
№7 жалпы орто билим берүү
мектебинин директору
_______ Бердалиев Ч.Б.
21.08.2019-ж

# Сабакты пландаштырууну жөнгө салуу

## ЖОБОСУ

- Жалпы жоболор
- Бул жобо Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына, Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин “Мамлекеттик билим берүү стандартына”, мектептин Уставына жана №7 жалпы орто билим берүү мектеби жөнүндө жобого ылайык иштелип чыккан.
- Сабактардын планы – окутуу процессин пландаштыруунун негизги түрүнүн бири. Сабактын планы - сабактын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу документ:
    - мугалимдер - темага жана тиешелүү билим тармакка байланыштуу белгилүү бир даражада маалыматы бар экендигин көрсөтүү. Предметти, түшүнүктөрдү, аткара турган иштерди так билүү. Окуу материалына төп келген методду жана окутуу технологиясын, кошумча материалды жана ыкманы колдоно билүү. Өзү окуткан окуу предметке байланыштуу эреже, теория, аныктама, принцип, түшүнүктөрдү жатык тилде, төп келтире үйрөтө ала турганын көрсөтүүсү үчүн зарыл.
    - Окуучулар - окуу планына ылайык предметтик жана предмет аралык билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүгө өбөлгө;
- Ар бир сабак үчүн сабактын планынын болушу талап кылынат.
- Сабактын планы мугалимдин предмет боюнча окуу программасына жана календардык-тематикалык планына ылайык түзүлөт.
- Сабактын планы сабакты алдын ала түзүлгөн план боюнча өтүүгө, сабакта ырааттуулукту сактоого, пландалган нерселерди калтырып кетпөөгө, сабактын конкреттүү натыйжаларын пландаштырып, аларга жетишүүгө, убакытты туура пайдаланууга ж.б. жардам бериши зарыл.
- КР жалпы билим берүүчү мектептеринин мугалимдери тарабынан жүргүзүүгө (толтурууга) милдеттүү болгон документтердин 1-тиркемесинде: «үч жылдан ашык үзгүлтүксүз иштегендерге сабактын план-конспектин кыскарган структуралык формада жазууга уруксат берилет, ал эми жаш мугалимдер кеңири формада жазышат».
- Сабак планынын негизги милдеттери:

- Сабактын түзүлүшүн (структурасы) аныктоо;
- сабактын  максатын аныктоо;
- окуу материалынын мазмунун жана аны таанып-билүү ыраатын түзүү;
- окуу материалын өздөштүрүүгө  багытталган окуучулардын  таанып билүү иш-аракетин уюштуруунун методдорун жана формаларын тандоо.

- **Сабактын планын иштеп чыгуу**
- Сабак планынын негизги компоненттери болуп төмөнкүлөр саналат:
  - максаты – мугалимдин сабактын максатын туура  коюшу;
  - коммуникативдүүлүк: мугалим менен класстын ортосундагы байланыш деңгээлин аныктоо;
  - мазмундуулук: теманы оздөштүрүү үчүн  материал тандоо,  кайталоо,бышыктоо, өз алдынча иш ж.б.
  - технологиялык: окутуунун формаларын жана ыкмаларын тандоо;
  - мотивациялык - сунушталган окуу материалын изилдөөнүн мотивдери;
  - контролдоо жана баалоо: сабакта окуучунун активдүүлүгүн баалоо, анын активдүүлүгүн жана таанып билүү кызыгуусун өстүрүү үчүн.
- Сабактын максаттары жана милдеттери мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жооп берген предметтик көндүмдөрдүн жана инсандык сапаттардын тутумун калыптандырууга өбөлгө түзүшү керек.
- Сабакты пландаштыруу этаптары:
  - сабактын түрүн аныктоо, анын структурасын иштеп чыгуу;
  - сабактын окуу материалынын оптималдуу мазмунун тандоо, аны бир катар негизги билимдерге бөлүү;
  - сабактын түрүнө жана анын ар бир өзүнчө баскычына ылайык методикаларды, технологияларды, каражаттарды, окутуу методдорун тандоо;
  - окуучулардын сабакта ишмердүүлүгүн уюштуруу формаларын жана алардын өз алдынча ишинин оптималдуу көлөмүн тандоо;
  - үй тапшырмасынын формаларын жана көлөмүн аныктоо;
  - сабактын жыйынтыгын чыгаруу, ар кандай  ой жүгүртүү формалары аркылуу (рефлексия);
  - сабактын планын жасалгалоо (оформление).

- сабактын планы көрсөтмө материал менен жана заманбап маалыматтык-коммуникациялык каражаттар менен иштөөнү чагылдырышы керек

- **Сабакты пландаштыруунун үлгүсү:**

__-КЛАСС

Окуу предмети:

Сабактын темасы:

Сабактын тиби:

Колдонулуучу методдор:

Колдонулуучу каражаттар:

№ Максаттар:

1.

2.

3.

Сабактын жүрүшү:

| № | Сабактын баскычтары (убактысы) | Мугалимдин жана окуучунун ишмердиги | Компетенттүүлүктөр | | Баалоо (калыптан-дыруучу баалоо техникала-ры), эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Негизги (НК) | Предметтик (ПК) | |

1. Шыктандыруу

2. Теманы, күтүлүүчү натыйжаны кабарлоо

3. Тема боюнча маалымат берүү

4. Интерактивдүү көнүгүүлөр

5. Жыйынтыктоо

Сабактын максаттары бир нече вариантта коюлушу мүмкүн, көптөн бери негизинен төмөнкүдөй вариант колдонулат:

- билим берүүчү максат;

- өнүктүрүүчү максат;
- тарбиялоочу максат.

Мында бул үч компоненттин биримдиги сакталышы керек.

**Компетенттүүлүктөр.** Сабактын планынын чиймесиндеги НК-негизги компетенттүүлүктөр, ПК-предметтик компетенттүүлүктөр. Негизги компетенттүүлүктөр (НК) үчөө, алар КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекиген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартында берилген:

- Маалыматтык компетенттүүлүк;
- Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк;
- өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү.

- Сабактын планы кол менен жана басма түрүндө компьютерде жазылышы мүмкүн.
- Сабактын планы эркин формада жазылат, бирок анда төмөнкү элементтер чагылдырылышы керек:

  - календарга жана тематикалык пландаштырууга ылайык сабактын датасы жана анын номери;

  - ушул сабак өтүлүүчү класс;

  - сабактын темасы;

  - сабактын түрү;

  - сабактын пландаштырылган жыйынтыктары (КР Мамлекеттик Билим берүү Стандартына ылайык) же билимге, жөндөмдөргө жана көндүмдөргө коюлган талаптар;

  - сабактын  жабдылышы;

  - үй тапшырмасы (эгер бар болсо).

2.7. Мугалим сабактын планын жазууда  мазмунунун көлөмүн жана дизайнын  өз алдынча аныктайт. Сабак планынын формасын тандоо мугалимдин методикалык даярдыгына, кесипкөйлүгүнө, иш тажрыйбасына, сабактын өзгөчөлүгүнө, сабактын түрүнө жана формасына жараша болот.

Сабактын планын төмөнкүдөй түрдө жазууга  болот:

- структуралык логикалык диаграмма түрүндө;

- кыскача  план  түрүндө;

- толук методикалык иштеп чыгуу түрүндө;

- технологиялык карта түрүндө ж.б.

- **Сабактын планын колдонуу жана сактоо шарттары**

- Предметтик мугалим тарабынан мурда иштелип чыккан планды эгерде окуу планына, календардык планга ылайык келсе эки-үч жыл колдонууга уруксат берилет;
- Сабактын пландары мугалим тарабынан окуу жылынын аягына чейин билим берүү уюмунда сакталат.